"Бекитемин"

Мектеп директору:________Сыдыков А.Ж.

"__1__"__03__2023 ж

**№ 22 жалпы негизги билим берүүчү мектеби-мекемесинин математика декадасынын иш планы.**

2022 -2023-окуу жылы.

| N2 | Мөөнөтү | Аткарылуучу иш чаралар | Классы | Жооптуу |
|---|---|---|---|---|
| 1 | 01.03.2023 | Жумалыктын ачылышы | 5-9 | Математиктер |
| 2 | 02.03.2021 | Ачык сабак | 7-класс | Орозалиева С. |
| 3 | 03.03.2021 | Мелдештер | 8-9-класс | Хакимова К. |
| 5 | 07.03.2021 | Кроссворд, тест , кызыктуу логикалык маселелер жана суроолорду түзүү | 5-9 | Математиктер |
| 6 | 09.03.2021 | Жыйынтыктоо | 5-9 | Математиктер |

УБ: Усманова Д.

# Математика декадасына маалымдама

Жумалыктын максаты :

Окуучулардын  математика сабагына болгон кызыгуусуну ашыруу , билимдерин тереңдетүү .

Предметтик мугалимдер  Хакимова Купай,Орозалиева Самара.

01.03.2023-ж. жумалыктын ачылыш аземинде окуучуларга математиканын тарыхынан кыскача маалымат берилди. Математика предметине арналган ырлар, математика жөнүндө кызыктуу фактар   менен ачылды.

Жумалыктын планы менен тааныштырылды. Андагы конкурстарга, ачык сабактарга активдүү  катышууну каалоо менен математика  жумалыгы ачык деп жарыяланды.

02.03.2023 жылы Орозалиева Самара предметтик мугалим 7-класста "Эки белгисиздүү сызыктуу теңдемелерди системасы жана аны чыгаруу ыкмалары " деген темада ачык сабак өттү.

Сабактын башталышы  кызыктуу суроо-жооптор менен окуучуларды шыктандырды. Сабакта  интерактивдүү усул колдонулду. Окуучулар жеке, шерик менен жана жалпы группа менен иштөө ыкмаларын колдонуп  сабакты максатына жетишти. Мугалим  менен окуучулардын ортосунда байланыш  жакшы. Мугалим сабакка кызыктырып тарта алды. Сабакка тартылбаган бала калбады, бардыгы активдүү катышты.

3-мартта 8-9- класстар арасында математикадан мелдештер уюштурулду. Мелдеш төмөнкү тартипте өттү:

1. Саламдашуу жана тааныштыруу
2. Математикалык макалдар
3. Логикалык суроолор
4. Тест
5. Класстер түзүү
6. Жыйынтыктоо

Мелдеш жетекчиси  Хакимова Купайхан окуучуларды  шыктандыруу менен мелдешти баштады. Окуучулар кызыгуу менен даярдангандыгы билинип турду. Тест суроолорунда билим сапатын 53% ке тапшырышты. Логикалык суроолорго туура жана так жооп беришти.

Жыйынтыктап айтканда мелдеш окуучулар үчүн  кызыктуу өткөрүлүп, жакшы натыйжа берди.

Кийинки иш чарада окуучулар математик  кроссворд, тест , кызыктуу логикалык маселелер ,суроолор түзүп , алардын ичинен жеңүүчүлөр аныкталды.

Декаданын жыйынтыктоосу 9-март күнү өткөрүлдү. Анда болуп өткөн иш чара боюнча  кыскача маалымат берип өтүлдү. Анализделип эң жакшы катышкан окуучуларга ардак грамоталар жана белектер тапшырылды . Мугалимдерине алкыш жарыяланды.